ССМ 2013ж.11-сентябрдагы
№531-буйругу менен бекитилген

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ

**Ош шаары боюнча ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык – эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору Ош шаары Байтемиров көчөсү 53**

мекеменин аталышы

# Санитардык көрсөтмө

Код 04/1 № 286 «8» 08 2023-жыл.

Мекеменин, ишкерлик субъектинин жетекчисине (сызып белгиленет) ЖОЖдордун жана Орто окуу жайлардын ректорлоруна

анын ведомстволук башкы органы жана анын жайгашкан дареги

Азыркы учурда Ош шаары боюнча кызамык оорусунун эпидемиологиялык абал кескин түрдө өсүп курчууда, жалпысынан 2023-жылдын 2-августуна карата Ош шаары боюнча кызамык оорусуна шектүү 374 адам катталып, анын ичинен 267 учурга кызамык диагнозу коюлду (лабороториялык жактан тастыкталган учур-116, клиникалык жана эпидемиологиялык жактан тастыкталган учур-151).

КРССМ 2009-жылдын 25-декабрындагы №841 МЗКР буйруктун "кызамык жана кызылча оорусуна эпидемиологиялык көзөмөл системасын күчөтүү" жөнүндө жана эпидемиологиялык абалды эске алуу менен Ош шаарынын студенттердин арасында кызамык оорусунун алдын алуу жана анын жайылып кетүүсүнө бөгөт коюу.

Ош шаары боюнча ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору, төмөндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201-токтомунун 5-тиркемесинин, Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 24-июлындагы №248 мыйзамынын "Калктын саламаттыгыны сактоо жөнүндө", Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.06.2013-жылы №319 токтому менен бекитилген "Ооруларды алдын алуу жана көзөмөлдөө департаментти жөнүндөгү" жобону жетектөөгө алып төмөнкү иш-чараларды сунуштайбыз:

| № | Иш-чаранын аталышы | Аткаруу мөөнөтү | Аткарылышы жөнүндө белги |
|---|---|---|---|
| 1 | Жогорку окуу жайында жана орто окуу жайларында изолятор каананын даярдыгы көрүлсүн, жугуштуу ооруга шектелген студенттер аныкталган учурда Ош шаардык ОАА жана МСЭКБу кабарлансын. | 12 саат ичинде | |
| 2 | Дене табы көтөрүлгөн оорулууларды исиркектерин аныктоодо сабактарга киргизүүгө жол бербөө жана аларды тездик менен изоляциялоо жана дарыгердин кеӊеши берилсин. | Ооруну каттоо, аныктоо учурунда | |
| 3 | Кызамыкка каршы эмдөөдөн өтпөгөн жана бул инфекция менен оорубаган студенттерди кызамык менен ооруган адам катталган аудиторияларга киргизилбесин. | оорулуу катталган учурда | |
| 4 | Залалсыздандыруу жуучу каражаттары менен камсыз кылынсын жана бардык мекемелерде үнөмдөөсү менен болсун. | Ар дайым | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | болсун. | | |
| 5 | Билим берүү мекемелеринде санитардык-гигиеналык жана профилактикалык иш-чаралардын жүргүзүүсү камсыздалсын. | Ар дайым | |
| 6 | Жугуштуу оорулардын алдын алуу жана эмдөөнүн маанилүүлүгү боюнча мугалимдердин жана студенттер арасында санитардык билим берүү күчөтүлсүн. | Ар дайым | |
| 7 | Кызамыктын алдын алуу, оорунун белгилери байкалганда, дене табы көтөрүлгөндө, майда кызыл темгил исиркектер пайда болгондо өз убагында медициналык жардамга кайрылуунун зарылдыгы жөнүндө студенттер арасында маектешүүнүн проекциясынын кеңири маалыматтык иши уюштурулсун. | Ар дайым | |

Бул санитардык көрсөтмөдөгү иш – чаралардын аткаруу мөөнөтө менен макул болбогон учурда, Сиз өзүңүздүн оюңузду көрсөтүлгөн дарекке 3 күндүн ичинде билдиргенге акыңыз бар___Ош шаары Байтемиров көчөсү 53

Көрсөтүлгөн иш чараларды аткарбаган учурда, Сизге Кыргыз Республикасынын «Укук бузуулар» Кодексинин негизинде административдик чара көрүлөт.

Ош шаарынын башкы мамлекеттик
санитардык дарыгери

Административдик аймактын аталышы колу М.Т Омурзаков

КӨРСӨТМӨНҮ АТКАРУУ (тапшыруу) ҮЧҮН АЛДЫ

теги, кызмат абалы

«____» 2023-ж.

Аткаруучу: Сапарбаева А.Э